**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАР ИНСТИТУТУ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.16.528**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 323.1:329.1(575.2)**

**ӨМҮРОВА ЖҮРСҮН КАСЫМБЕКОВНА**

# УЛУТ МАСЕЛЕСИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЙРЫМ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНДӨ

**(«Асаба» партиясынын мисалында)**

**Адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2017**

**Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана этнология» кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Маанаев Эгемберди Жумагулович**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор

тарых илимдеринин кандидаты

**Жетектөөчү мекеме:**

Диссертация 2017-жылдын «___ »_______ саат ____ дө 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51А дареги боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана Маданий Мурас Институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) жана окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Ошондой эле илимий иш жана авторефератты толук тексти “arabaev.kg” сайттынан таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а.

Автореферат _____-жылдын «____» ________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, т. и. д.проф.** **Курбанова Н.У.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан мамлекеттин көз карандысыздыгы жөнүндө 1991-жылы 31-августта Декларациясынын кабыл алынышы менен суверендүү Кыргыз Республикасынын тарыхында жаңы доор башталды. Жаңы өнүгүүнүн жолунда Кыргызстандын көз карандысыздыгын сактоо, демократиялык коомду куруу максатында өлкөнүн ичинде көптөгөн иш-аракеттер жүргөн жана демократиялык коомдун саясий системасындагы шартка ылайык плюрализимдин негизинде жүздөн ашык саясий партиялар, үч миңден ашык коомдук кыймылдар, беш жүздөн ашык массалык маалымат каражаттары, коомдук уюмдар, кыймылдар, бирикмелер жана фонддор түзүлгөн. Алардын ичинен Кыргызстандын элинин жана кыргыздардын бир бөлүгү, өзгөчө илимий жана гуманитардык чөйрөдөгү кыргыз жаштарынын жана интеллигенттеринин бир бөлүгүнүн аң-сезиминде улутчулдук аң-сезимди көздөгөн кыймылдар бөлүнүп чыккан. Алар эң биринчи кезекте Кыргызстандагы көп этностуу элинин ичинен кыргыз этносунун кызыкчылыгын коргогон, алардын коомдо алган ордун биринчи орунга коюшкан. Кыргыздардын мекени Кыргызстан, башка жерде аларга ар тараптан өнүгүүгө мүмкүнчүлүк чектелген, кыргыздар ар тараптан, толугу менен Кыргызстанда гана өнүгө алат деген ой-пикирди айтышкан. Мындай пикирдеги кыргыз жаштарынын тобун, кандайдыр бир саясий уюм,партия ар тараптан идеялык жактан коргоп, туруур керек эле.

Ошентип,Кыргызстандагы саясий агым, көп партиялуулук системасынын пайдубалын түзгөн алгачкы уюм, партия пайда болгон. Ал партия «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы. Партия Кыргызстанда улутчулдук мүнөзгө ээ болгон элдин белгилүү катмарынын максатынкөздөгөн, кызыкчылыгын коргогон, коомдо болуп жаткан этностук жараяндардын мүнөздөрүн чагылдырган. Мындай мүнөздөгү элдин тобун, катмарын, чагылдыруу үчүн, алардын көз карашын терең анализдеш үчүн «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын басып өткөн жолу, анын программасын, кылган иш-аракетерин республиканын саясий, маданий, социалдык-экономикалык өнүгүүдө алган ордун илимий изилдөө кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы актуалдуу маселе болуп эсептелинет.

**Илимий изилдөөнүн объектиси болуп** - «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы жана 1989- ж. бүгүнкү күнгө чейинки улут маселесин боюнчаучурдагы айрым саясий партиялар.

**Изилдөөнүн предмети**: "Асаба" улуттук кайра жаралуу партиясынын,кыргызтилди өнүктүрүү, кыргыз элинин жана маданиятынын кайра жаралуу процессине кошкон салымы, жаңы шартта улуттук кызыкчылыктарды коргоо боюнча иш аракеттери.

**Иштин хронологиялык алкагы:** «Асаба» улуттук кайра жаралуу саясий партиясынын негизделишинен тартып, бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди өз ичине камтыйт.

**Диссертациялык иштин максаты** болуп,1989 –жылдан баштап саясий партиялардын ичинен “Асаба” улуттук кайра жаралуу партиясынын калыптануусун жана анын ишмердүүлүгүн тарыхый салыштырма аркылуу комплекстүү изилдөө менен партиянын улут маселеси боюнча ишмердүүлүгүн ачып берүү болуп саналат.

*Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй* ***милдеттер*** *коюлду:*

- Кыргыз Республикасында саясий партиялардын жаралуусунун тарыхый өбөлгөлөрүн көрсөтүү;
- партиялардын ишмердүүлүгүн изилдөө деңгээлин комплекстүү түрдө аныктоо;
- баштапкы этапта түзүлгөн улуттук саясий партияларжана аларга тиешелүү документтердиталдоого алуу;
- алгачкылардан болуп калыптанган «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясын ачып көрсөтүү;
- партиянын программасындагы социалдык саясатынын башкы маселелерин изилдөө;
- улуттук мүнөздөгү саясий партиялардын коомдук-саясий жүрүмдөгү алган ордун, абалын, максатын, социалдык базасын аныктоо менен «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясына карата жалпылыктарын, айырмачылыктарын талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

- улуттук аң-сезимдин калыптанышына таасир берген партиянын улут маселеси боюнча изилдеген алгачкы илимий изилдөө болуп саналат. Илимий изилдөө улутчулдукка басым жасаган саясий топтун пайда болуу тарыхынын өзгөчөлүгү ачып берилди;
- улуттук аң-сезимдин калыптанышындагы партиянын ролу гана эмес калың элдин катмарынын өзгөчөлүгү көрсөтүлгөн.
- «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүгүнүн негизинде кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин өзгөчөлүгү аныкталды;
- Улуттук мүнөздөгү топтордун саясий, экономикалык жана социалдык эркиндик үчүн кыймыл аракетинин болгондугунун тарыхынын өзгөчөлүгүнөбаа берилди;
- «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүгүндөгү улутчулдук мүнөзүнүн таасири өлкөнүн келечегине, бүгүнкү күндөгү улуттук мүнөздөгү “Манас 1000”, “Ош 3000”, “Көчмөндөр” оюуну сыяктуу тарыхый жана маданийиш чаралардын болушуна түрткү берген иш аракеттеринин маңызы көрсөтүлүүдө.
- «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү кыргыздардын саясий, экономикалык, социалдык талаптарын алгачкылардан болуп көтөрүп чыккан саясий агым болуп эсептелинет.**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

Изилдөөнүн негизги максаты жана коюлган милдеттеринишкеашыруунун натыйжасында төмөнкүдөй жоболор иштелип чыкты:

- Кыргызстандын эгемендүүлүккө жетишине жана эгемен мамлекеттин түптөлүшүнө, кайра куруу жылдарында түзүлгөн бирдиктүү демократиялык кыймылдардын пайда болушуна жана саясий партиялардын институт катарында түптөлүшүнө «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиянын ролу чоң;
- Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы улуттук өнүгүүнүн жаңы моделин тандап алууда кыргыз улутунун укугуна басым жасаган алгачкы саясий партия;
- «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы кыргыз тилинин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүгө, кыргыз маданиятын, каада-салттарын кайра жаратуу тарыхты бурмалабай чагылдыруу үчүн күрөшкөн;
- «Асаба» кайра жаралуу партиясы кыргыздардын улуттук өзүн-өзү аңдоо сезимининжогорулатууга чоң роль ойногон;
- Кыргызстандын эгемендикке жетип, жаңы экономикалык шартта өнүгүү үчүн зарыл,кыргыз улутунун жаштарынан техникалык, жумушчу кадрларды даярдого үндөө партиянын негизги максаттарынын бири болгон.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** болуп, диссертациялык иште изилденип жаткан маселе бүгүнкү күнгө чейин тарых илиминде изилдөөгө алына элек партиянын жеке архивдик документи жана архивдик булактарды талдоого алынгандыгы эсептелинет. Мындан сырткары изилдөөчү тарабынан изилденип жаткан иликтөө боюнча сурамжылоо жүргүзүлүп, чогултулган эмпирикалык материалдар ишке киргизилди.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** тарыхый фактыларды объективдүү иликтөө принциби түзд, ал өз кезегинде каралып жаткан проблеманы терең анализдөөгө жана жыйынтыктоого мүмкүндүк берет. Андан сырткары диссертациялык иште проблемалык-хронологиялык, статистикалак, тарыхый-типологиялык, тарыхый-салыштырмалуу ж.б. ыкмалар колдонулду.

**Илимий иштин теориялык жана практикалык мааниси** эгемендүү кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө, өнүгүшүнө өз салымдарын кошушкан башка саясий кыймылдардын, партиялардын ишмердүүлүгүн изилдөөгө негиз боло алат. Ал эми практикалык мааниде Ата Мекен тарыхы, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн саясий тарыхын боюнча окуу куралдарын түзүүдө, атайын курстарды, семинарларды уюштурууда,окуу жайлардын атайын аудиториясында окууда, окуу китептерин, окуу куралдарын жазууда булак катары пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Илимий иштин негизги жоболору жана натыйжалары бир нече эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларга макала же тезис түрүндө сунушталып, талкуулангандан кийин, алардын жыйынтыгы боюнча жарык көргөн материалдарда апробацияланган.

**Изилдөөнүн толук натыйжаларынын жарык көрүшү.** Диссертациялык иштин негизги натыйжалары эл аралык, республикалык, аймактык илимий

конференцияларда жана “тегерек үстөлдөрдө” талкууланган. Мисалы, И.Арабаев атындагы КМПУнун 50 жылдыгына арналган, «XXI кылымдагы илимди гуманитардаштыруу жана тилдерди окуу» аттуу илимий-практикалык конференцияда (Бишкек,2002); «Жогорку мектептерди өткөөл мезгилде модернизациялоо: абалы жана келечеги» эл аралык илимий конференцияда (Бишкек 2002); Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган «Тил тагдыры-Эл тагдыры» эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, 2003.); Эл аралык «Борбордук Азия жана ааламдашуу» конференциясында, белгилүү окумуштуу-этнограф, педагог Какен Мамбеталиевага арналган «Борбордук Азиядагы этносциалдык жана этномаданият процесси: тарыхы жана жаңычылдыгы» аттуу эл аралык илимий конференцияда. (Бишкек, 2009); академик К.Н. Нурпеисовтун 75 жылдыгына арналган «Дүйнөлүк тарых: окутууда жана изилдөөдөгү проблемалар» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Казахстан,2010); Кыргызстан жана Борбордук Азия-баарлашуунун мейкиндиги: Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги» аттуу Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II Конгрессинде (Бишкек,2014), Аль- Фараби атындагы Казахстан университетинде өткөн илимий конференцияда (Казахстан, 2016), “ Азыркы илим жана билим берүүнүн проблемалары” (Москва, Иванова ш, 2016, 2017) атту илимий журналдарда талкууланып жарыяланды.

**Изилдөөнүн жалпы түзүмү.** Диссертация кириш сөздөн, үч баптан, алты бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу ачып берилген,изилдөөнүн оъбекти, предмети, максаты жана милдеттери, хронологиялык алкагы, методология, изилдөөнүн жаңылыгы, андан сырткары коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы, эмгектин курамы жана структурасы аныкталган.

***“Улут маселесине байланыштуу айрым саясий партиялардын ишмердүүлүгүн изилдөөнүн методологиялык маселелери”***деп аталган биринчи баптынөлкөдө партиянын орду коомдун өзгөчө фактору экендиги каралып, улуттук көз караштагы саясий партиянын факторун теориялык жактан ар тараптуу изилдөө, анын маңызын, саясатын түшүнүүгө жана анын коомдогу ордун аныктоого коомдук илимдердин өкүлдөрү тарабынан изилденүүдө. Алсак,

Көп партиялуулук, «партия», «идеология», жана «улуттук идеология» түшүнүктөрүнүн карым-катнашынын тарыхын жана саясат таануу илиминде алгачкылардан болуп, Кыргызстандагы саясий партиялардын пайда болушу жана алардын коомдук-саясий турмушка тийгизген таасири жөнүндө У.К.Чиналиевдин [62] эмгектеринен, жана А.Б. Элебаева, Б. Ж. Бешимов [64], А.Акунов, М. Керимбаев [41],Т. Ожукеева, К.Байболовдордун [42] эмгектеринен Кыргызстандагы көп партиялуулуктун саясий жана маданий

ишмердүүлүктөрүнүн багыттары менен саясий терминдердин түшүнүгү ачып берилген. Мындан тышкаары жалпы эле теориялык жана саясий багытындагы маселелер саясат тануучулардын ичинен Т.Гоббс[48],М.Дюверже[58] сыяктуу чет элдик окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылса. Россиялык жана Ата Мекендик окумуштуулардын арасында М.Н. Губогло[40], В.Пономаревдун[50] эмгектеринен саясий кырдаалга анализ берүү менен коомдук кыймылдардын түзүлүш жолунабасым жасалган. Ал эмиулуттук идеологиянын өзөгү катары "Манастын жети осуятын Кыргызстан калкынын жалпы мамлекеттик идеологиясына айландыруу сунушу менен А.Акаев[38] алгачкылардан болгон.Мындан тышкаары «Өнүгүүнүн комплекстүү негизи»[141] программасынын бир бөлүгү «Демократиялык өнүгүү кодексинде»[143]берилген. Кыргызстандын социалдык, экономикалык, саясий жана руханий өнүгүү нугун аныктап, тарыхый шартка жараша беш багыттагы идеологиянын карааны жүрөт деп, идеологиянын баалуулуктары жана кемчиликтерин талдоо аркылуу идеологияны неоконсерватизим, неолиберализим алкагында кароо менен Кыргызстандын келечектеги өнүгүү моделинин стратегиялык маселелеринЭ.Ж. Маанаевдин[56] эмгегинен таанышууга болот.

Кыргызстанда этносоциологиялык илимий изилдөөлөр XX к. 80-жылдарындабашталган, алгачкылардан болуп А.А.Асанкановдун[45] монографиясынан, улуттук идентификация, т.а. коомдун социалдык экономикалык, саясий жана маданий чөйрөсүндө улуттук аң-сезимдин ылдамдык менен өнүккөндүгү, анын калыптанышынатийгизген таасиринин актуалдуулугуначып берген.

З. И.Галиеванын[47] эмгегинде Эгемендүүлүктү алган жылдардан кийинки мамлекеттеги саясий өнүгүүнүн моделинин жаңы этабы башталып аны менен кошо коомдук кыймылдардын, мамлекеттик эмес уюмдардын пайда болушу жана алардын саясий институттарга чейин жетиши, парламентаризм, көп партиялуулук жана партиялардын структурасы өзгөргөндүгү, коомдук саясий системанын өткөөл учур менен азыркы убактагы түп тамырынан бери өзгөрүү проблемалары көрсөтүлгөн.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда партиялар боюнча изилдөөчүлөрдүн тематикалык багытына басым жасалган, алардын ичинен Т.Асантурова[133] алгачкылардан болуп коомдук кыймылдардын жана саясий партиялардын калыптануу, өнүгүү багытына басым жасап ишмердүүлүктөрүнө токтолгон.

А.Ш. Абдикеримов[134] 80-жылдардын экинчи жарымы 90-жылдардын башындагы алгачкы коомдук саясий уюмдар, кыймылдар,атуулдук бирикмелердин программалары, ишмердүүлүгүндө улут маселесин чечкенге жасаган аракеттерининин алгачкы кадамдарына токтолгон. Ал эми саясий багытта Б.О. Орунбековдун[135], Ү. Чотонов[136], Ч.Койчумanovanын[137], эмгектеринде кандайдыр бир деңгээлде, көп партиялуулук системанын стабилдүү динамикалык өсүшү, жана анын ишмердүүлүгү коомдун өзгөрүүсүнө тийгизген таасири белгиленген.

Ошондой эле саясий партиянын «улуттук» баалуулуктары, ишмердүүлүгүнүн негизги булагы катарында партиялардын Устав,

программаларын пайдалануу аркылуу, алардын жүргүзгөн иш-аракеттерин чечмелөө менен азыркы учурда коомдо талаштарды жаратып жаткан улуттук мүнөздөгү партиялардын кээ бир баалуулуктары менен партиянын өздүк жана мамлекеттик архивдик материалдардын негизине, массалык маалымат каражаттарынан тааныша алабыз. Алсак, шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү мезгилинин ичинде «Кыргыз Туусу» газетасында- 180, «Слово Кыргызстана»-160, «Эркин Тоо»-190, «Асаба»-240, «Вечерний Бишкек» -150, «Республика»-150, «Кыргыз Руху»-70, «Аргумент» -90, «Аалам»- 90, «Утро Бишкек»- 100, «Дело №»-50 жолу[31] кайрылышкандыгын тууралу статистикалык маалыматтар менен таанышууга болот.

Диссертациялык ишти жазууда теориялык жактан тарыхый болуп өткөн иш-аракеттер таанылса, практикалык жагы адамзаттын маданий жашоосуна катышып, таасир берүү үчүн керек. Кыргызстандагы партиялардын жана анын ичинен «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын коомдук социалдык-экономикалык жана саясий маселелердеги ишмердүүлүгүнүн ордун изилдөөдө темага тиешелүү болгон көптөгөн тарыхый жана укуктук-ченемдик биринчи топтогу булактарына КРнын Конституциясы (2006,2016,),КРнын «Саясий партиялар жөнүндөгү» Мыйзамы(1999),КРнын «Шайлоо» Кодекси (2004),КРнын Президентинин Жарлыктары менен токтомдору,архивдик материалдар, т.а.КРнын Адилет министирлигинин архиви, Шайлоо иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиянын жана изилдөөгө алынган кээ бир саясий партиялык уюмдардын учурдагы архиви жана статистикалык жыйнактардын материалдары пайдаланылды.

Кыргызстандагы улуттук мүнөздөгү саясий партиялардын түзүлүшү жана калыптанын фактордун теориялык-методологиялык негиздерин талдоодо анын, XXI кылымдын башында дүйнөлүк масштабда күч алган саясий системадагы көп партиялуулук фактору менен байланыштуу болгон мыйзам ченемдүү көрүнүш экендиги аныкталды. Ошондой эле, анын бир нече себептер менен шартталгандыгын көрө алдык:

1. Идеологиянын баалуулуктар жалпы адамзат баалуулуктары менен айкалышып турат. Ошентсе да, азыркы учурдагы бирдиктүү улуттук иделогиянын жок болгонуна карабастан улуттун көрөңгөсү, улут деген түшүнүктүн түпкүлүгү, биримдиги, улуттук ар-намыстын баалуулуктары коомдун өнүгүүсүнө пайда алып келе тургандай деңгээлде турат;
2. Кыргызстанда, азыркы мезгилде, коомдо болуп жаткан проблемалардын дээрлиги өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен айырмалангандыгына карабастан, ал маселелерди чечүү келечеги комплекстүү жана биргелешкен аракеттерди талап кылат;
3. Коомдук илимде «улуттук идеология» түшүнүгүнө карата бирдиктүү көз караштын жоктугу көптөгөн проблемаларга дуушар кылып, коомдук өнүгүүгө карата карама-каршы кайчы пикирлерди, көз караштарды жаратууда;
4. Улуттук фактор, улуттук идеология фактору коомдун бардык чөйрөсү менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, бир жагынан коомдогу болуп жаткан окуялардан көз каранды болсо, экинчи жагынан ал коомдун бардык чөйрөлөрүнө өзүнүн таасирин тийгизип жатат.

Демек, улуттун баалуулугу болгон «улуттук идеология», «мамлекеттик идеология» маселесин теориялык жактан ар түрдүү аспекте изилдөөгө алуу, анын чыныгы маңызын аныктоо аркылуу улуттук көз караштагы партияларды айырмалап кароо, «улуттук мүнөздөгү саясий партиялардын фактору» түшүнүгүнө аныктама берүү сыяктуу маселелер келечектеги тарых илиминин алдындагы тапшырма болуп саналат.

Булардан сырткары илимий эмгекте кеңири масштабдагы төмөндөгү маалыматтар колдонулду, алар:

- изилдөө үчүн керектүү болгон материалдар изилденип жаткан маселеге тиешеси бар адамдар менен автор тарабынан жүргүзүлгөн эркин баарлашуулардын жана сурамжылоолордун натыйжасында алынды;
- Партияларга тиешеси бар республикалык деңгээлде өткөрүлгөн ар кандай иш-чаралардын, эл аралык деңгээлдеги семинарлардын, конференциялардын, тренигдердин, тегерек отурумдардын, талкуулардын материалдары изилдөөгө методологиялык жактан көмөк көрсөттү;
- Дүйнөлүк ааламдашуу шартында коомдук-саясий турмушта көп тармакты камтыган анын ичинде саясий партиялардын ишмердүүлүктөрүн чагылдырган, кеңири илимий жана методологиялык материалдарды ичине камтыган Интернет ресурстары, ошондой эле саясий кыймылдардын, уюмдардын, партиялардын расмий сайттарынын материалдары пайдаланылды.

Илимий эмгек жалпысынан кеңири маалыматтарды ичине камтыгандыктан, салыштырмалуу талдоо жүргүзүүдө абдан маанилүү болду.

Албетте, алардын бардык изилдөөлөрүнүн натыйжалары, өз ара байланыштарынын актуалдуу, мазмуну жана практикалык сунуштары менен айырмаланса дагы, алардын бардык эле идеялары менен толук макул болуудан алыспыз.

Изилденип жаткан маселеге карата кеңири тарыхнаамалык талдоо жүргүзүүнүн негизинде, эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап Кыргызстандагы саясий партиялардын ичинен «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын саясий кырдаалдарга тийгизген таасири, ишмердүүлү, улуттук көз караштагы бүгүнкү күндөгү коомдук расмий жана расмий эмес саясий уюмдардын коомдогу орду азыркы учурга чейин илимий жактан атайын талдоого алынбагандыгын көрө алдык.

Жыйынтыгында,Кыргызстандагы саясий партияларды изилдөө маселеси негизинен окумуштуулардын кызыгуусун жаратып келген жана бул боюнча тарыхый, саясий аспекте каралган, ошол мезилдин талабына ылайык изилденгендигин байкадык:

- 80-жылдардын аягы 90-жылдардын башындагы өткөөл мезгилге карабастан, аларда ошол кездеги тарыхый реалдуулукту чагылдыруу менен илимий иштин хронологиялык алкагында камтыган мезгилди изилдөөдө теоретикалык жана тарыхнаамалык баалуулукка ээ болду.
- Чет өлкөлүк жана Россиялык окумуштуулардын эмгектери, тарыхнаама алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөгү изилдөөлөр катары каралды жана ар

тараптуулугу менен айырмаланып, саясий партиянын коомго тийгизип жаткан таасирин методологиялык жактан талдоого мүмкүндүк берди.

- Ата Мекендик окумуштуулардын эмгектери тарыхнаама изилденип жаткан маселе менен түздөн-түз байланышта болгондуктан, изилдөөдө олуттуу орунду ээледи. Жогоруда аталган эмгектер кээ бир маселелерди кеңири карагандыгы, саясий партиялардын ишмердүүлүктөрүн ар түрдүү аспекте чагылдырылгандыгы, саясий партиялардын коомдогу ордун, маңызын ачып көрсөткөндүгү, өлкөдөгү социалдык-экономикалык, саясий маселелерди чечүү боюнча сунуштарды камтыгандыгы менен өзгөчө баалуу болду.

Тарыхый изилдөөдө булактардын жана фактылардын мааниси абдан чоң экендиги белгилүү. Тарыхый булактардын негизинде гана изилденип жаткан маселенин маңызы ачылып берилээри талашсыз. Каралып жаткан маселе боюнча тарыхый булактарга таянып диссертант төмөндөгүдөй жыйынтык чыгара алды.

- Диссертациянын хронологиялык алкагы 1989-жылдардан бүгүнкү күнгө чейинкини камтыгандыктан «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын жана бүгүнкү парламентте орун алган партиялардын улут маселеси боюнча Кыргызстандагы социалдык-экономикалык жана саясий маселелерде алган ордун изилдөө булактарын негизинен учурдагы архивдик материалдар, укуктук-ченемдик актылар жана басма сөздүк материалдар түздү;
- Улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүгүндөгү улут маселесин чагылдырууда расмий тиешелүү болгон мамлекеттик жана саясий уюмдардын документтеринен, ар кыл тармактагы окумуштуулардын, саясатчылардын, коомдук ишмерлердин, серепчилердин, журналистердин, эксперттердин аналитиктикалык жана публицистикалык макалаларынан, ал эми расмий эмес маалыматтар изилдөөчүнүн жеке адамдар менен болгон пикир алмашуусунун негизинде түзүлгөн талаа дептеринен алынды;
- «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын теориялык-методологиялык негиздерин аныктоодо жана анын баалуулуктарын ачып берүүдө Ата Мекендик окумуштуулардын эмгектери жана партиянын өздүк жана мамлекеттик архивдик материалдар, массалык маалымат каражаттары булак катары колдонулду, ал эми кээ бир адабияттар партиянын маңызын, коомдогу ордун талдоодо пайдаланылды;
- Кыргызстанда саясий партиялардын коомдук-саясий турмушундагы абалын жана ордун салыштырып кароодо партиялардын расмий сайттары менен интернет ресурстары булак болуп берди ошондой эле изилдөөнүн негизинде берилген тарыхнааманын жана булактардын классификациясы изилдөөчүнүн жеке көз карашын чагылдырат.

**Экинчи бап:***«Демократия кыймылынын негизинде улут маселесин көтөрүүдөгү «Асаба» кайра жаралуу партиясынын түзүлүшүнүн тарыхый шарттары»*деп аталып, анда: 1985-жылы апрель пленумунан кийин СССРдеги коомдук түзүлүш кескин өзгөрүүгө багыт алды. Апрель пленумунда өлкөнүн саясий, социалдык-экономикалык өнүгүсүнө карата тездетүү жолду белгилеп, коомдук турмуштун баардык жактарына реформа жүргүзүү менен коомдогу, коммунисттик партиядагы кризисти жоюу,

аларды жаңылоо, гумандуу, демократиялуу социализмге карай илгерилөө масалелери көтөрүлдү. КПСС Борбордук Комитетинин Башкы катчысы М.С.Горбачевдун КПСС БКнын Апрель пленумунда сүйлөгөн сөзүндө «…өлкөдөгү кайра куруу саясатын иштеп чыгууда, мурда болуп көрбөгөндөй эң жооптуу иштеди аткарууда партиянын Борбордук Комитетинин ролу жана жоопкерчилиги жогорулоо менен, анын башында турган партиянын Борбордук Комитетинин алдында өтө татаал милдеттер тургандыгы баса белгиленген»[101]. Ошондой эле Кайра куруу саясатынын негизги багыты өлкөдө авторитардык-бюрократиялык түзүлүштөн гумандуу, демократиялуу социализмдин коомуна карай өтүү маселеси көтөрүлгөн.

Апрель пленумунун идеяларын, партиянын кийинки съездеринде көңүл буруууга, бул багытта мыйзамдуулукту күчөтүү маселелери көтөрүлгөн. Демек, бул элдердин ортосундагы тынчтык жана тең укуктуу кызматташтык, ар бир элдин өз тагдырын өзү чечүүгө укуктарын урматтоо үчүн шарт түзүү дегендик эле. Ал үчүн суверендүү республикалардын өз алдынчалыгына жетишине жана суверендүү мамлекеттердин ортосунда чыныгы союздук мамилелердин түзүлүүсүнө багыт катары кароого болот. КПССти XXVIII съездинде: «Элдердин кызматташтык абалын жактаган жаңы денгээлин көтөрүү, б.а. Союзга бириккен мамлекеттердин бардыгынын таламдарындагы экономикалык жана рухий деңгээлин көбөйтүүгө мүмкүндүк бере турган улуттук өнүгүүдөгү мамлекеттик түзүлүштү орнотуу»[103] – деп баса белгиленген. Жыйынтыгында, мурда СССРдин курамына кирген он беш союздук социалисттик республикалар өз алдынчалыкка өтүү менен социалдык, саясий, маданий маселелерди өз алдынча чечүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Демек, бул элдердин ортосундагы тынчтык жана тең укуктуу кызматташтык, ар бир элдин өз тагдырын өзү чечүүгө укуктарын урматтоо үчүн шарт түзүү дегендик эле. Ал үчүн суверендүү республикалардын өз алдынчалыгына жетишине жана суверендүү мамлекеттердин ортосунда чыныгы союздук мамилелердин түзүлүүсүнө багыт катары кароого болот.Алсак, 1988-жылы Кыргыз коомчулугу кош тилдүүлүк маселесин козгоп, аны менен унутта калган тарыхый инсандарды актоо менен байланыштуу күрөштү баштады. Мисалы, 1989-жылы 3-январда Кыргызстан КП БКсы тыюу салып келген Молдо Кылыч Шамыркан уулу менен Касым Тыныстановдун чыгармачыл мурасы жөнүндө токтомдун кабыл алышы коомчулукту ого бетер демократиячыл жаңы демилгелерди көтөрө баштышына түрткү берген. Муну менен катар 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССР Жогорку Кеңеши Кыргыз тилине мамлекеттик тил макамын берген «Мамлекеттик тил жөнүндөгү» мыйзамды кабыл алышы, улуттук рухту ойготуп, жумурияттын саясий өз алдынчалыгын андан ары чыңдоо идеялары үчүн жол болду. Анын үстүндө Балтика боюндагы, Кавказдагы эгемендикке умтулуу иш-чаралары да Кыргызстандык коомчулукту кайдыгер калтырбаган, жана ошол учурда Москва, Ленинград (Санкт-Петербург) сыяктуу шаарларда окуп жана иштеп жаткан кыргызстандыктар да жаңы демократиячыл идеяларын таркатуучулардан болушкан.

М.Горбачевдун кайра куруу реформасынын демократиялык

баалуулуктары болгон сөз эркиндиги, басма сөз эркиндиги КМШ мамлекеттериндеги демократиялык кыймылдын башатын түздү. Ушул шартта Прибалтика өлкөлөрүнүн эгемендүүлүккө жетишиши бөлөк мамлекеттерге үлгү болуп, улутчулдук жана демократиялык талаптар бөлөк республикаларга дагы тарады.

Кыргызстанда эркиндик үчүн коомдун өнүгүшүн демократиялык көз караш менен караган күрөш, ошол эле учурда элдин кызыкчылыгын көздөгөн коомдук саясий уюмдар, топтор, кыймылдар эң оболу өз жерлерине ээ болуу идеялары менен башталган. Анткени кыргыз жаштарынын шаарга көчүп келип отурукташуусу 80-жылдарда күчөгөн. Бирок, борбордук шаарларда туруктуу жашап калышкан кыргыз жаштарынын турак-жай маселесине жетиштүү көңүл бурулган эмес. Менчик үй куруу үчүн жер сурап кайрылган кыргыз жаштарынын арыздарына бийликтегилер кайдыгер карашкан. Ошол эле учурда республиканын сырт жактарынан көчүп келишкен башка улуттун өкүлдөрү тез эле үйлүү-жайлуу болушуп, ашыкча үйлөрүн шаарда жашаган кыргыз жаштарына ижарага берүүгө үлгүрүшкөн. Өз жеринде үйгө, үй куруу үчүн жерге ээ боло албай, ар кимдин короосунда ижарада жашап келишкен жаштардын чыдамы түгөнүп, 1989-жылдын апрель-июнь айларында Бишкек шаарынын аймагындагы жерлерди уруксаатсыз ээлей башташы, өз бетинче жер бөлүп алуу боюнча өткөрүлгөн митингдердин болушуна түрткү берген. Ошондой эле бүгүнкү күндөгү көп партиялуулуктун түптөлүшүнө жана алгачкы саясий партиялардын калыптанышына, партиялык саясий системанын өнүгүшүнө «Асаба»,«Ашар» коомдук кыймылы, «Кыргызстан Демократиялык Кыймылынын» да ролу чоң. Натыйжада суверендүү демократиялык мамлекеттин калыптануу тарыхында болуп өткөн саясий кырдаалга байланыштуу, парламентке чейин жеткен саясий партиялардын тарыхында Жогорку Кеңешке жана жергиликтүү кеңештин депутаттыгына ат салышкан талапкерлердин алдыларына койгон максаттарында, иш программаларында өлкөнүн суверендүүлүгүн сактоо, экономикалык өз алдынчалык, ачык-айкындыкты талап кылуу, улуттук каада-салтты сактоо, улуттук аң-сезимди кайрадан жаратууга болгон патриоттук көз караштагы атуулдардын саясий маданиятынын жогорулашынын натыйжасында кичинекей коомдук кыймылдардан саясий партияларга чейин өсүп жетишине тийгизген таасири чоң болгон. Бүгүнкү күндөгү бул көп партиялуулук системанын башында турган, демократиялык коомдун өнүгүшүнө, улуттук аң-сезимдин калыптанышына, өсүшүнө чоң салым кошкон алгачкы саясий партиялардын пайда болушуна өлкөбүздөгү саясий кырдаал таасирин тийгизди. Ошондой эле М.С.Горбачевдун «кайра куруу» саясатынын натыйжасында алгач Балтика жээгиндеги өлкөлөрүнүн эгемендүүлүкө жетиши башка өлкөлөргө үлгү болуп, улутчулдук жана демократиялык талаптар биздин республикага да таасирин тийгизген. Демек бүгүнкү күндө демократиянын жолуна жаңыдан түшүп келе жаткан демократиялык процесстин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгына, республикадагы ар бир атуулдун экономикалык, саясий жактан тең укуктуу абалга жетишине өлкөдөгү коомдук саясий уюмдардын, кыймылдардын жана партиялардын таасири бар. Алардын коомдо аткарып

жаткан иштери жөнүндө бир беткей жыйынтык чыгаруудан мурда алардын демократиялык коом үчүн тийгизген таасирин айтпай коюуга болбойт. Эгемендүү демократиялык мамлекетибиздин саясий аренасында жашап жаткан бүгүнкү саясий партиялардын түзүлүш жолу, социалдык абалы жана кимдин кызыкчылыгын көздөшү тууралуу негизги иш чаралар тарых илиминде толук изилдене элек жана бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири.

**Үчүнчү бап** ***«Эгемендүү кыргызстандын коомдук-экономикалык өнүгүүсүндө саясий партиялардын алган орду»***деп аталып,өлкөбүздөгүүюмдар жана саясий партиялардын социалдык контекстери боюнча гана айырмаланбастан туруктуу идеологиялык байланыштары, алдыларына койгон максаттары, көз караштары, коомдук иштери жана өзүнүн максатына ылайык ички структурасы, аткаруучу функциясы, максаты боюнча бири-биринен айырмаланышкандыгы менен өзгөчөлөнүшөт. Демек мамлекеттеги саясий партиялардын ичинен «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын коомдук-саясий иш чараларга катышы жана аткарган иштеринин жыйынтыгы менен партиянын ролу, орду маанилүү экендигине күмөн жок. Себеби, «демократиянын аралчасы» аталган Кыргызстандагы оперативдүү маалымат булагы болгон «Азаттык» радиосун убагында жабуу жөнүндө маселе болгондо жаптырбоого учурунда чара көрүшкөн,

- мамлекеттик деңгээлдеги шайлоонун натыйжасында саясий бийликке ээ болгон жана башкаруучу партия менен бирдикте иш алып баруусунда,

-өлкөнү демократиялаштыруу жолунда активдүү катышкан оңчул, солчул жана ортомчул көз караштагы саясий агымдагы партиялардын катарында ордун аныктоодо,

-өлкөдөгү коомдук саясий маселелерди чечүүдө, саясий окуялардан четте калбай мезгилге ылайык иш алып баруусуна активдүү катышуусу менен катарына жаштарды кошуусун сунушташкан. Ошондой эле мамлекеттик тилдин ишке ашпай жаткандыгы, Борбор шаарыбызда ар кандай тилдеги жазуулардын көбөйүп кеткендиги, мектептерде окуу куралдарынын жетишпей жаткандыгына токтолуу менен улуттук идеологияны иштеп чыгуу менен кыргыздын улуттук каада-салтын, үрп-адатын сактап калуу, кайра жаратууну, кыргыздын байыркы тарыхын калыбына келтирүүнү колго алышкан. Өлкөдөгү саясий кырдаалга байланыштуу, Аксы окуясына байланыштуу «Кыргызстан Элдик кыймылы» саясий күчтөрдүнбириккенкурултайынын резолюциясын кабыл алууга активдүү катышкан. Мындан тышкары «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы көз каранды эмес мамлекеттик жана эл аралык уюмдар тарабынан өткөрүлгөн «Партиялык түзүлүш», «Саясий партиялар жана демократия», «Жергиликтүү шайлоо жана саясий партиялар», «Аялдардын арасында лидерлик көндүмдөрдү өнүктүрүү» сыяктуу окуу семинар, тренигдерине, тегерек отурумдарга активдүү катышып сертификаттарга ээ болгон.

Демек, партиянын коомдук иш чараларга активдүү катышуусу, партиянын эртеңки иш-максаттарынын туура коюлушу партиянын ишмердүүлүгүнүн иш жүзүнө ашырууга көп мүмкүнчүлүктөр болоору анык. Тилекке каршы партиянын ичиндеги пикир келишпестиктер партиянын өсүп-

өнүгүшүнө жана коомго болгон таасиринин төмөндөшүнө алып келген.Жыйынтыгында, «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын социалдык-экономикалык аткарган иштерин карап көрүп төмөндөгүдөй орчундууларына токтолууга туура келди. Алсак, 1992-жылы менчиктештирүү жаңыдан башталганда «Кожоюн» кыймылын түзүп кыргыз жарандарынын менчик ээси болуп калуусуна күрөшүп, жыйынтыгында бир тобу ар кандай менчик ээси болуп калышкан. 1992-жылы партиянын демилгеси менен «Миграция жөнүндө», «Атуулдук жөнүндө» мыйзамдар иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кабыл алынган.

«Асаба» партиясы тарабынан сунуш кылынган Конституциялык өзгөртүүлөргө ондоолор киргизилгенде сакталып калган жоболор бар. Мисалы: 20-статьясында «Кыргыз Республикасынан сырткары жашаган кыргыздар башка мамлекеттин жараны болгонуна карабай, жөнөкөйлөтүлгөн түрдө Кыргыз Республикасынын жарандыгын алганга укуктуу....», 23- ст. «...Жарандар кыргыздардын эзелтеден келе жаткан улуттук традициясына ылайык, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ж.б. маанилүү маселелер боюнча элдик курултай өткөрүүгө укуктуу...», 32 -ст. «...Негизги жалпы билим -милдеттүү жана акысыз»- деген мыйзам долборлору киригизилген. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын сырткары кетип, иштеп жүргөн кыргыздар үчүн кош жарандуулук алуу мүмкүнчүлүгү белгиленген. Муну менен катар беш сотхка чейи суулуу жер үлүшүн алган дыйкандар жумушсуз статусуна ээ болуп, жумушсуз адам катары башка жумуш, же пособие менен камсыз болуучу ж.б. ондогон мыйзамдар кабыл алынгандыгында.

Демек партиянын жогорудагыдай саясий социалдык-экономикалык аткарган иш-чаралары партиянын Уставы жана кабыл алган программасынын негизинде иш алып бару менен бирдикте мүмкүн болушунча коомдун социалдык турмушунда чечилбей келген маселелерди өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чечип берүүгө аракеттенишкен. Муну менен катар областык, райондук бөлүмдөрдү ачуу жана иш жөндөмдүүлүктөрүн көзөмөлгө алуу менен партиянын ар бир кылган, аткарган жана аткарылып турган иштери жөнүндөгү маалыматтар маалымат каражаттарында чагылдырылып турган эле. Ошондой эле бүгүнкү күндө ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан саясий партиялардын улут маселесине карата кайдыгер эмес жана азыркы партиялардын түптөлүшүнө өлкөдөгү эгемендүүлүктүн калыптанышына бирден бир таасир эткен партия бул көп партиялуулук системасынын башатында турган «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы болуп саналгандыгын көрдүк. Элдин биримдигин чыңдоо, регионализм жана улутчулдук фактыларын болтурбоо, жарандык патриоттуулукка тарбиялоо, жарандардын укуктук маданиятын, мамлекеттик тилдин бириктирүү, мамлекеттүүлүктү бекемдөө үчүн жеке жоопкерчиликти күчөтүү, бардык күч аракеттерди Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына баш ийдирүү мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын негизги милдети болууга тийиш. Ошондой эле Кыргыз Республикасын 2017-жылга чейинки туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук

стратегиясын ишке ашыруу үчүн 2014-жыл «Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы»- деп жарыяланышы жана «Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңешке Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен өз ара аракеттенип мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, саясий партиялардын, жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, Кыргыз Республикасынын жарандарынын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн жана мамлекеттүүлүктү бекемдөө, элдин биримдигин, өлкөдө мыйзамдуулукту жана туруктуулукту камсыз кылуу маселелеринде алардын күч аракетин бириктирүү жана жоопкерчилигин жогорулатууну камсыз кылуу»- [3] деген сунуш мамлекеттүүлүктү жана элибиздин биримдигин бекемдөөгө, мамлекетти жана өлкөдөгү саясий уюмдарды башкарууга жаңы адамдарды, айрыкча жаштарды тартуу, Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктук маданиятын көтөрүү боюнча чечкиндүү кадамдарды жасоого мезгил келип жетти десек болот.

## КОРУТУНДУ

Илимий ишти изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. 1985- жылы апрель пленумунан кийин СССРдеги коомдук түзүлүш кескин өзгөрүүгө багыт алып, өлкөнүн өнүгүүсүндө саясий-социалдык, экономикалык өнүгүүнү тездетүү жолу белгиленип, коомдук турмуштун баардык жактарына реформа жүргүзүү менен коммунисттик партиянын кризистерин жоюу, аларды жаңылоо, гумандуу, демократиялуу социализимге карай илгерилөө маселеси көтөрүлүп өлкөдө кайра куруунун «Гумандуу, демократиялык социализимге карай» программасы кабыл алынып, өлкөнү авторитардык бюрократиялык түзүлүштөн гумандуу, демократиялуу социализим коомуна карай өтүү маселеси Кыргызстандын саясий чөйрөсүндөгү партиялык институттардын пайда болушуна шарт түздү.
2. СССРдин курамына кирген он беш союздук социалисттик республикалардын өз алдынчалыгына ээ болуусу менен саясий, социалдык, экономикалык, маданий маселелерди өз алдынча чечүүгө мүмкүнчүлүк алышы менен көз карандысыздыгы жөнүндө Декларацияны кабыл алышты. Кыргызстанда, эгемендүүлүктүн шартындагы алгачкы мыйзамдуу документи болуп 1990-жылы 15-декабрдагы Декларациянын жарыяланышы саналган. Мына, ушу мезгилден тартып демократиялык коомдун шартында, бүгүнкү кыргыз мамлекеттүүлүгүндөгү коомдук кыймылдардын, көп партиялуулук системанын өнүгүү баскычы пайда болду.
3. Өлкөнү демократиялык жол менен «кайра куруу» системасынын ишжүзүнө ашышы коммунисттик идеологиянын жана коммунисттик партиянын, т.а бир партиялуулук системанын ордуна көп партиялуулук системанын пайда болушуна шарт түздү. Ошондой эле 1991-жылы август окуясынан кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети «Кыргыз Республикасынын Компартиясынын органдарынын жана уюмдарынын иши токтотулсун» - деген токтомдун кабыл алынышы менен Коммунисттик партиянын саясий

аренадан кетиши «...коомдо болуп жаткан абалга канааттанбагандык, аны өзгөртүү үчүн аракет кылуунун зарылдыгы коомдук саясий кыймылдардын өнүгүшү, саясий партиялардын пайда болушуна алып келди»,өлкөдөгү көп жана улуттук көз караштагы партиялардын калыптанышына жана өсүшүнө өбөлгө болду.

4. М.С.Горбачевдун кайра куруу реформасынын демократиялык баалуулуктары болгон сөз эркиндиги, басма сөз эркиндиги КМШ мамлекеттериндеги демократиялык, улуттук кыймылдардын башатын түздү. Ушул шартта Прибалтика өлкөлөрүнүн эгемендүүлүккө жетиши бөлөк мамлекеттерге үлгү болуп, улутчулдук жана демократиялык талаптар бөлөк республикаларга да таасирин тийгизди.
5. Республикадагы пайда болгон коомдук кыймылдардын өнүгүшү саясий кыймылдардын пайда болушуна түрткү болду. Бишкектеги батирлерде, жатаканаларда жашаган жаштардын 90% кыргыз жаштарынын болушу, алардын социалдык абалы квартира же жер алуу зарылдыгын жараткандыктан 1989-жылы өз бетинче жер бөлүп алуу боюнча митингдер өткөрүлгөн. Бул багытта жаштар менен административдик бийликтегилердин ортосундагы карама-каршылыктын күчөшүнөн улам, өлкөдөгү коомдук кыймылдардын пайда болушу өсүп, алардын саясий партияларга чейин өсүп жетишине алып келген. Ошентип бул процесс өлкөдө улуттук демократиялык кыймылдын башталышына себеп болду.
6. «Ашар», «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы сыяктуу уюмдар, өздөрүнүн программасынын милдеттерин жана ишмердүүлүгүн аныктоодо улуттук идеологияга басым жасашып, негизги максат катарында биринчи кезекте адам укугу эмес улуттун укугун, улуттун идеологиясын алдыга коюшкан. Программада каралган кыргыз тилин мектептерде жана мектепке чейинки мекемелерде окутуу, улуттук баалуулуктарды, мурастарды жандандыруу сыяктуу маселелердин көтөрүлүшүн улуттук идеологиянын башаты катары кароого болот.
7. Улуттук идеологиянын мазмунун сактоо, башкача айтканда улуттун тилин, маданиятын, каада-салтын, үрп-адаттардагы жана менталитетиндеги прогресивдүү жактарын тарыхый өнүгүүнүн талаптарына ылайыкташтырып, өнүктүрүү гана улуттун көрөңгөсүн сактайт

Кыргызстанда партиялык парламентти түзүү - мезгилдин талабы экендигин айтсак болот. Себеби, парламенттеги көп партияларды болушу конкуренцияга шарт түзүп, айрым идеологиялык көз караштары бир партиялардын биригишине же коалиция түзүүгө жана партиялардын программалык идеяларын таратууга мүмкүнчүлүк болот, шайлоодон уткан партия коалициялык өкмөттү түзүүгө көп мүмкүнчүлүгү болот, ошондой эле оппозициялык партия менен да мамиледе болот, мыкты адистердин партия аркылуу парламентке келүүсүнө шарт түзүлөт, партиялык парламент жердешчилик, трайбализм, тууганчылык менен мамиле кылууга бөгөт коют, депутаттардын жоопкерчилиги да артат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгаруу менен ***практикалык сунуштарды*** берүүгө болот:

- Чейрек кылымдан ашык тарыхы бар «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы жасаган, жасап жаткан иштери улут маселесинин тарыхта изилденип жаткан кээ бир маселелерди башкача көз караште кароого түрткү берет.
- Демократиялык коомдо жашап жаткан Кыргызстандын саясий турмушунда жарыкка чыга турган Кыргызстандын тарыхы боюнча илимий эмгектерде, окуу-методикалык басылмаларда көп партиялуулуктун башатында болгон «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын пайда болуусу жана өнүгүү этаптарын талдоодогу кээ бир көз караштарды эске алса болот.
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүү этаптарында «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүктөрүн жайылтуу максатында илимий конференцияларды уюштуруу аркылуу Кыргызстандын тарыхындагы партиялардын жана анын ичинде «Асаба» партиясынын алган ордун билдирүү.
- Улуттук көз караштагы, идеологиялык бир багыттагы саясий партиялардын ишмердүүлүгүн талдоо менен алардын программалык багыттарын коомчулук арасына жайылтуу зарылчылыгы бар.

Бүгүнкү күндөгү саясий партиялардын программаларын терең анализдөө, улут маселелерине терең токтолуу менен улуттук идеологиянын моделин сунуштоо зарыл.

- Бүгүнкү күндө партиялардын программалык багыттарына ылайык улуттун салттык маданиятты жайылтуу жана максаты кандайдыр бир деңгээлде ишке ашууда. Алсак, «Ош-3000», «Манас -1000», «Көчмөндөр оюну» сыктуу улуттук баалулуктарды чагылдырган иш -чаралар мисал боло алат. Эл аралык деңгээлдеги мындай иш -чараларды уюштууру, өткөрүү Кыргызстандыктар үчүн маанилүү.
- Партиялардын саясий маданиятынын калыптанышына жана сакталышы, үчүн коомдо ар кандай окуу көнүгүмдөрдү, диспуттарды, конкурсттарды калк арасына уюштуруу учурдун талабы.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган**

1. Мамлекеттик бийликтин шайлоо шартында саясий партиялардын, бирикмелердин (блоктордун) тен укуктуулугу.// И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы.–Выпуск -№4, 2000. 45–48-б.
2. Саясий партиялардын саясий маданияты.// И. Арабаев атындагы КМУнун Илимий жыйнагы. Тарых бөлүгү. №4, 2001. – 124-130с
3. Кыргызстанда саясий партилардын, коомдук кыймылдардын тузулуш жолу жана алган орду.// И. Арабаев атындагы КМУнун Илимий жыйнагы. Тарых бөлүгү. №4, 2001. 130 – 144с.
4. СаясийпартиялардынКыргызстандынтарыхнаамасында.//Научно - практическая конференция «Изучения языков и гуманитаризация образования в XXI - веке», посвящение к 50 - летию КГПУ им. И. Арабаева. Б.: 2002.
5. Саясийпартияларжанашайлоонуннатыйжалары.// Материалы международной конференции «Модернизация высшей школы в переходный период: состояние и перспективы» Т.2. Б.: 2002. 189- 192с.
6. Комплекстүү өнүгүүнүн негиздерин ишке ашырууда өкмөттүк эмес уюмдардын орду.// Научный сборник. КГПУ им. И. Арабаева. Серия: История . № 5. Б.: 2003.
7. Ончул, солчулжанаортомчулбагыттагысаясийпартиялардынпайдаболуутарыхы.// Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган «Тил тагдыры - Эл тагдыры» эл аралык илимий - практикалык конференциянын материалдары. Б.: 2003. 273-279б.
8. Суберендүү Кыргызстан: Саясий партиялардын ишмердүүлүгү.//Научный сборник. КГПУ им. И. Арабаева. Серия: История . № 4. Б.: 2004. 42-47с.
9. Кыргызстандагы саясий партиялардын 1995-2000жж. өнүгүү багыты.// Вестник. КГУ им. И. Арабаева. Выпуск 5А. Б.: 2005. 77-79с.
10. Кыргызреспубликасындасаясийпартиялардынпайдаболушунунтарыхыйшарттары.//Вестник КГУ им. И. Арабаева. Выпуск 5А. Б.: 2005. - 79-82с.
11. Политические партии Кыргызстана: настоящее и перспективы развития.//«Поиск». Серия гуманитарных наук № 3. Г. Алматы .: 2007. 139 -142с.
12. Саясийпартиялардынпарламенттеалган орду.//Вестник КГУ им И. Арабаева. Б.: 2008
13. Демократиялыкишчараларды жүргүзүүдөсаясийпартиялардыналган орду.// Вестник КГУ им. И.Арабаева Б.:2008.
14. TendencyofcrowingpartyʼssystemintheCentralAsiaontheExampleofKyrgyzstan. // Эларалык «БорбордукАзияжанаааламдашуу» конференциясы. Кыргыз - ТүркуниверситеттиБ.:2009.
15. Улуттук маселелердин «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясында көтөрүлүшү.//Международной научной конференции: «Этносоциальные и этнокультурные процессы в центральной Азии: история и современность»

посвященной памяти известного ученого-этнолога, педагога КакенМамбеталиевой. КГНУ. Б.:2009
16. Становление и развитие многопартийной системы Суверенного Кыргызстана. // Международной научно-практической конференции: «Всемирная история: проблемы исследования и преподавания» посвященной 75-летю академика К.Н. Нурпеиса в рамках «Нурпеисовских чтений» г. Алматы. 2010. 261-263 с.
17. Партия национального возрождения "Асаба" - воспоминание о восстании и гражданский долг.// Вестник КазНУ имени аль-Фараби. Серия историческая.г. Алматы. 2016. 410с.
18. Появление местных ячеек партии национального возрождения "Асаба" и их политическая деятельность.//«Проблемы современной науки и образования». Москва г.Иванова. 2016.32-35с.
19. Партия национального возрождения в Кыргызстане – цели и задачи.//«Проблемы современной науки и образования». Москва г.Иванова. 2017. 26-29с.

**Өмүрова Жүрсн Касымбековнанын «Улут маселеси кыргызстандагы айрым саясий партиялардын ишмердүүлүгүндө» («Асаба» партиясынын мисалында )– адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Өзөктүү сөздөр: Диссертациялык иштин максаты** болуп XX к 80 - жылдардын аягынан баштап ушул күнгө чейинки «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын улут маселеси боюнча социалдык топтордо пайда болгон саясий ишмердүүлүгүн изилдөө, аны коомчулукка алып чыгуу. Кыргыздардын арасындагы улуттук аң-сезимдин дүркүрөп өсүп өнүгүшү жана кээ бир улутчулдук көз караштын өнүгүшүнүн тарыхын изилдөө.

**Изилдөөнүн объектиси** – «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы жана 1989-чу жылдан бүгүнкү күнгө чейинки улут маселеси боюнча айрым саясий партиялардын ишмерүүлүктөрү болуп эсептелинет.

**Изилдөөнүн предмети:** «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын кыргыз тилин өнүктүрүү, кыргыз элинин маданиятын, үрп-адаттарын, каада-салттарын азыркы мезгилдин талабына ылайык кайра жаралуу багытында рынок экономикасынын шартында улуттук кызыкчылыкты жогору коюу үчүн жүргүзгөн ишмердүүлүгүн аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиясы** катары, каралып жаткан маселе боюнча талдоо жүргүзүүгө жана жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берген тарыхый фактыларды системалык көз караштан объективдүү талдоого алуу принциби түздү. Диссертациялык иште проблемалык-хронологиялык, статистикалак, тарыхый-типологиялык, тарыхый-салыштырмалуу талдоо жүргүзүү методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Улуттук аң-сезимдин калыптанышына таасир берген алгачкы “Асаба” саясий партиясынын саясий ишмердүүлүгүнө баа берилди; Кыргызстандагы кыргыздардын арасында пайда болгон улутчулдук топтордун болгондугун аныктап көрсөтүлдү; Улуттук мүнөздөгү топтордун саясий, экономикалык жана социалдык эркиндик үчүн кыймыл аракетинин болгондугунун тарыхынын өзгөчөлүгүнө баа берилди;

Кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин андан ары бекем калыптанышына партиянын ролу көрсөтүлдү; “Асаба” улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүгүндөгү улутчулдук мүнөзүнүн иш аракеттеринин маңызы көрсөтүлүүдү. Партиянын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү кыргыздардын саясий, экономикалык, социалдык талаптарын алгачкылардан болуп көтөрүп чыккан саясий агым экендиги аныкталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын пайдалануу чөйрөсү** – улуттук көз караштагы, идеологиялык бир багыттагы саясий партиялардын ишмердүүлүгүн туура, так анализдөө менен алардын программалык багыттарын коомчулук арасында жайылтууда ж.б.гуманитардык багыттагы сабактарды окутууда зарыл.

# РЕЗЮМЕ

**Диссертации Өмүровой Жүрсүн Касымбековны на тему: «Национальный вопрос в деятельности некоторых политической партий» (на примере “Асаба”) представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07. 00. 02. – Отечественная история.**

**Ключевые слова: Целью диссертационной работы** является исследование политической деятельности, происходящей в социальных группах по национальному вопросу партии национального возрождения “Асаба”, начиная с конца 80-х годов XX века до настоящего времени, и вынесение его на общественное обсуждение. Исследование истории бурного развития национального сознания среди кыргызов и развития некоторых националистических взглядов.

**Объект иследования** политические партии суверенного Кыргызстана.

**Предмет исследования**: решение национального вопроса в деятельности политических партий, в том числе партии национального возрождения «Асаба».

**В качестве методологии исследования**выступил принцип объективного анализа системнго взгляда исторических фактов, дающих возможность анализировать и делать выводы по рассматриваемой проблеме. В диссертационной работе использованы проблемно-хронологический, статистический, историко-типологический, сравнительно-исторический методы анализа.

**Научная новизна исследования.**Дана оценкаполитической деятельности первой политической партии “Асаба”, оказавшей влияние на формирование национального сознания;определено и показано, что в Кыргызстане среди кыргызов появились группы националистического характера; дана оценка исторической особенности действий за политическую, экономическую и социальную свободу групп нациналистического характера;
Пказана роль партии в дальнейшем формировании и укреплении национального сознания кыргызского народа; показана сущность действий нациналистического характера в деятельности партии национального возрождения “Асаба”. Определено, что особенностью деятельности партии было то, что как она как политическое течение одним из первых подняла политические, экономические, социальные требования кыргызов.

**Сфера применения результатов исследования**–путем правильного и точного анализа деятельности политических партий одного идеологического направления, националистических взглядов необходимо использовать их программные направления при распространении среди общественности и обучении предметов гуманитарных направлений.

## SUMMARY

**of Thesis "The activities of the National Revival party "Asaba" in Kyrgyzstan on the national question" is presented for a scientific degree of the Candidate of Historical Sciences, specialty 07. 00. 02. – History.**

**By OmurovaJursunKasymbekovna**

Key words: The thesis aims to study the political activities of the National Revival party "Asaba" on the national question, which it held in social groups since the late 80-ies of XX century to the present and making it available for public comment; to study the history of the rapid national consciousness development among the Kyrgyz and some nationalist views development.

The object of study. The National Revival party "Asaba" and the discussion of the national question of the party in society, as well as actions and efforts to resolve it.

The subject of the study. The activities of the National Revival party "Asaba" in the directions of Kyrgyz language development, revival of Kyrgyz culture, customs and traditions in accordance with modern requirements, protection of national interests of the Kyrgyz people under market economy conditions.

The objective analysis of a system view of historical facts principle, giving the opportunity to analyze and draw conclusions on this issue, has been defined as a methodology of the study. In this thesis the problem-chronological, statistical, historical-typological, comparative-historical methods of analysis were used.

**Scientific novelty of the research**. The political activities of the first political party “Asaba” which influenced on the national consciousness formation has been assessed;

- how in Kyrgyzstan a nationalist groups have emerged among the Kyrgyz has been determined and displied;
- the historical peculiarities of action for political, economic and social freedom of nationalist groups has been assessed;
- the role of the party in the further development and strengthening of the national consciousness of the Kyrgyz people has been showed;
- the essence of the actions of nationalist nature in the activities of the National Revival party “Asaba”. It is determined that the feature of the party was that it as a political movement one of the first to raise political, economic, social demands of the Kyrgyz people has been showed.

The scope of application of research results - By correct and exact analysis of the activities of political parties within the same ideological direction, nationalistic views, it is necessary to use their software direction when distributed to the public and teach Humanities.